## Практикалык иштин материалдары

### *1-тапшырма*

1. “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүктү калыптандыруучу негизги компетенцияларды атап бериңиз
2.

| | Окшоштуктар | Айырмачылыктар |
|---|---|---|
| Жекелик-жарандык компетенциялар | | |
| Руханий-адеп-ахлактык компетенциялар | | |
| Моралдык-этикалык компетенциялар | | |

### *2-тапшырма*

«Адам билген бардык илимдердин ичинен эң негизгиси – бул, мүмкүн болушунча аз жамандык кылып, анын ордуна көп жакшылык кылуу илими болуп спалат” (Л.Н.Толстой)

Сиз үчүн жакшылык деген эмне? (Эссе жазуу)

### 1 Кейс. «Жарандуулук»

**Сабактын максаты**: “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүктү калыптандыруудагы жалпы элдин биримдигинин маанисин талкулоо.

**<u>Кырдаалдын сүрөттөлүшү</u>**

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Кыргыз-Кытай факультетинин тайпаларынын биринин куратору “Жарандуулук деген эмне” деген темада кураторудук саат өткөрдү.

Жарандуулук – адамдын моралдык позициясы, ал жарандык коллективдин алдындагы милдеттенме, жоопкерчилик сезиминде түзүлгөн. Өзү жашаган коомдун таламдарын талашып, башкалардын кол салуусунан коргоого даяр экендиги менен да түшүндүрүлөт.

Куратордун "Мамлекеттин алдындагы адеп-ахлак позициясын ким кандай түшүнөт?" деген суроосуна студенттер төмөндөгүдөй жооп берди:

Айнура: "Ар бир жаран өз мамлекетинин жашоосуна активдүү катышуусу керек деп эсептейм, мисалы, мен өз өлкөмдүн жаранымын, Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактайм, университеттин, факультеттин жашоосуна активдүү катышам ж.б."

Нуржан: Көпчүлүк жашоочулар мамлекеттен эле чара күтүп, ошол учурда өздөрү эч нерсе кылбай жүрө беришет.

Куратордун «Сиз кандай коомдо жашагыңыз келет? Деген экинчи суроосуна студенттер мындай деп жооп беришти:

Рамиль: "Мен мамлекет өз жарандарынын жашоосуна мүмкүн болушунча аз кийлигишкен коомдо жашагым келет". Бирок студент Айжананын жообуна макул болгон жок: "Жок Рамиль, жарандар мамлекет менен бирге өз өлкөсүнүн жыргалчылыгы үчүн чогу аракет кыла баштаса, алар көп нерсени өзгөртүп, мамлекетти чогу өнүктүрө алышат. Нургүл Айжандын оюна кошулуп, "Ооба, биздин коом ар бир мүчөсүнөн көз каранды" деп жооп берди.

Виталий жарандардын кайсы улуттан экенине карабастан, өзбек, уйгур, тажик же дунган болобу, бардыгыбыз Кыргыз Республикасынын жарандарына жардам берип, алардын коопсуздугун камсыз кылууга мамлекет кам көрүшү керек экендигине токтолду. «Мен дунганмын дейли, мен өз өлкөм үчүн эч качан уялган эмесмин, Кыргыз Республикасынын жараны болгонума сыймыктанам».

Игорь корей улутунун өкүлү экенин, Кыргыз Республикасынын жараны экенине сыймыктанарын айтып, аны колдоого алды.

Куратор студенттердин идеялары үчүн ыраазычылык билдирди.

**Талкуулана турган суроолор:**

1. Кыргызстандын жараны болуу сиз үчүн эмнени билдирет?

2. «Көп улуттуу коом» терминин кандай түшүнөсүз?

3. Жарандык деген эмне?

4. Жарандык иденттүүлүк деген эмне?

## 2 Кейс. “Адеп-ахлактык баалуулуктар инсандык патриотизмдин башаты”

**Сабактын максаты:** жаш муундарды патриоттуулукка тарбиялоонун механизмдерин талкуулоо, каада-салттарды, үрп-адаттарды баалоо, Мекенге болгон сүйүүнү арттыруу.

**<u>Кырдаалдын сүрөттөлүшү</u>**

Патриоттуулук өз мекенинин жетишкендиктери жана маданияты менен сыймыктанууну, анын мүнөзүн жана маданий өзгөчөлүктөрүн сактап калууга умтулууну билдирет. Адам патриот болуп төрөлбөйт, ал адамда жаралат.Ал адамдын өз жеринде күн өткөн сайын өсүп-өнүп турган үрөндөй. Патриоттук - расага, улутка бөлүнбөйт. Эң негизгиси туулуп-өскөн жерин сүйө билүүсүндө. Бул нерсени бала кезинен ата-энелер үйрөтүшөт.

Курчап турган жаратылышка, өзү жашаган жерге болгон сүйүү, ошол сулуулукту көрө билүү, аны жакшы жакка өзгөртүүгө аракет кылуу. Жыл өткөн сайынар бир жаран улутуна, этносуна, уруусуна карабай өз өлкөсү жөнүндө көп нерселерди биле башташат, алар барган сайын көбүрөөк сүйө башташат. Патриотизмдин маанилүү бир бөлүгү катары адамдын же инсандын адеп-ахлактык баалуулуктары саналат.

Адамды адеп-ахлактыка тарбиялоону жаш кезинен башташ керек. Бала ар дайым аны жакшы көрөрүн, үй-бүлөдө жакшы кабыл алынарын сезип билип турушу зарыл. Акыркы убакта ата-энелер мектепке чейинки курактагы баласы менен бекем байланышта боло албаган учурлар көп кездешет.

Адатта, бала ата-эне менен жана улуу муун менен баарлашуудан кубанычта болушу керек. Балдарды тарбиялоо чоңдорду сыйлоо менен бирге болушу керек. Бала биримдикте тарбияланса улуу муунга сый урмат менен чоңоюп, өз ата-энеси менен жашоо ал үчүн кызыктуу жана мазмундуу болуп калат.

Ата-эне тарбиялаган бала чоң ата, чоң энеси тарбиялаган баладан айырмаланат. Өлкөдө советтик билим берүү мезгилинде улуу муундар балдарын катуу талапта тарбиялап келген. Чоң эне, чоң ата неберелерине башкача тарбия беришет, анткени аларды өз балдары деп эсептешпейт, балдарынын жана жаш муундардын ишенимин жоготпоо үчүн, аларды туура тарбиялоону ичтен билсе дагы, тарбиялоодо көп нерсени жөнөкөйлөштүрүп турушат. Балада тарбиялануучу эң негизги нерсе – тарбиялануучу кандай шартта болбосун акылман болуп, ата-энесин турмушта, жумушта жана үйдө ийгиликтери менен кубандырат.

Бардык муундарда адеп-ахлак бирдей болгон, бир гана аныктамалар ар кайсы мезгилде ар башка болгон. Ар бир бала дайыма эле ата-энеси менен жашабай турганын билиши керек жана убагы келгенде чоңоюп кетерин ар дайым эсинде сакташы керек. Ата-эне балдары үчүн жашай албайт, ар бир баланын өзүнүн жашоосу бар.

Бала ата-энесине ата-эне болууга жардам берүү үчүн үй-бүлөгө келет, баласыз алар ийгиликке жетишпейт. Ар бир ата-эне өз баласын келечектеги эң сонун үй-бүлөө ээсин тарбиялашы керек, антпесе, бала жетилгенден кийин кыйынчылыктарга туруштук бере албай калышы мүмкүн. Ата-эне баласын кандай гана чечим болбосун өз алдынча болууга үйрөтүшү керек.

Ата-эненин мээримине бөлөнүп чоңойгон бала бактылуу, ийгилик кежетип, ата-энесин сүйгөн балдар төрөлүп, өзүнүн бактылуу үй-бүлөсүн түзүүгө аракет кылат. Улуу муундун ата-энелери жаш муундарды сүйүү менен тарбиялашса, ар дайым жаш муундун үй-бүлөмүчөлөрү болуп, биримдикте мээримдүү чоң үй-бүлө болуп жашашат.

**Талкуулана турган суроолор:**

1. Мамлекетти чыңдоодо үй-бүлөнүн ролун көрсөтүңүз.

2. Сиз үчүн патриоттуулук деген эмне?

3. Кандай адеп-ахлактык негиздер патриоттук баалуулуктарды түзөт?

4. Инсанды калыптандырууда улуу муун кандай роль ойнойт?

5. Адамды өз мекенин коргоочу катары тарбиялоодо кандай факторлор роль ойнойт?